«Бекитемин»
ОшМУнун ректору,
ф.-м.и.д., профессор К.Г. Кожобеков
_______________________
______ 06 ______ 2024-ж.

**Илимий изилдөөлөрдүн, илимий-техникалык, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердиктин натыйжаларын өндүрүшкө киргизүү актысы**

1. **Өндүрүшкө киргизүүчү автор:** Матикеев Талантбек Курманалиевич

2. **Илимий изилдөөлөрдүн, илимий-техникалык жана (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердиктин аталышы:** физикалык-географиялык жактан өзгөчө абалда орун алган Теңир-Тоонун аймактарындагы бийиктик алкактардын калыптануу мыйзам ченемдүүлүктөрүн, генетикалык өзгөчөлүктөрүн жана компоненттердин өз ара динамикалык байланыштарынын айырмачылыктарын талдап, аларды секторлорго жана подсекторлорго бөлүп кароо жана подсекторлордогу бийиктик алкактардын жогорку жана төмөнкү чек аралары менен алардын ареалдарынын туруксуз абалда болушунун себебин талдоо.

3. **Кыскача аннотация:** илимий иште бийиктик алкактуулук жана зоналдуулук теориясына талдоо жасалып, жаңы багытта изилдөө жүргүзүүгө сунуш кылынган алгачкы эмгек. Теңир-Тоо түрдүү климаттык шарттагы аймактардын ортосунда жайгашкандыктан, анын бийиктик алкактары секторлор боюнча кескин айырмаланып тургандыгы далилденет; ачык жана жабык өрөөндөрдүн бийиктик алкактары ар башкача климаттык факторлордун таасиринде калыптанганы жана экспозициялык алкактык бүтүндүүлүгү көптөгөн изоляттык-жабык алкактардын фрагменттик топтомунан калыптангандыгы аныкталат.

4. **Өндүрүшкө киргизүүнүн эффектиси:**

- Ар бир сектордун өздөрүнө гана мүнөздүү болгон негизги чарбачылык тармактары бар. Алардын келечектеги өнүгүү багыттары, калктын социалдык-экономикалык абалына тийгизген таасирлери жөнүндөгү корутундулар, келечекте долбоорлоно турган жайыт жана мал чарбасынын абалын изилдөөдө колдонууга болот.
- Теңир-Тоонун (Тянь-Шань) жаратылышынын өзгөчөлүгүн алдын ала божомолдоо республикадагы жайыт, айыл жана мал чарбасынан алынган продукциялардын баасы азыркыга салыштырмалуу кескин жогорулоосунун коопсуздук маселесин чечүүгө жардам берет.

**5. Өндүрүшкө киргизилген жери жана мезгили:** илимий изилдөө иштеринде, билим берүү системаларында, география адистигинин “Биогеография”, ”Климатология”, “Геоморфология”, “Ландшафт таануу”, “Кыргызстандын географиясы” “Физикалык географиянын проблемалары” сабактарын окутууда, Ош мамлекеттик университетинин “география”, “экология” жана “туризм” багыттарынын бакалаврдык квалификациялык жумуштарын жана магистрдик диссертацияларын жазууда, окуу-усулдук комплекстерди түзүүдө 12-сентябрь 2022-жыл.

**6. Өндүрүшкө киргизүүнүн формасы:** изилдөөлөрдөн алынган фактылар география адистигиндеги “Геоморфология”, “Кыргызстандын географиясы”, “Ландшафт таануу”, “Физикалык географиянын проблемалары” сабактарында окутулуп, бакалаврдык квалификациялык жумуштарды жана магистрдик диссертацияларды жазууда материалдар менен камсыздоонун деңгээли жакшырып, оң натыйжаларды берүүдө.

**Иштелмени өндүрүшкө киргизген мекеменин өкүлү**
ОшМУнун академиялык иштер
башкармалыгынын начальниги,
философия илимдеринин кандидаты, доцент: М.Э. Манашов

**Өндүрүшкө киргизилүүчү иштелме аткарылган мекеменин өкүлү**
ОшМУнун Табият таануу,
дене тарбия, туризм жана агрардык
технологиялар институтунун
физикалык география, Кыргызстандын
географиясы жана табият таануу
концепциясы кафедрасынын башчысы, г.и.к., доцент: З.Э. Шербаева

ОшМУнун Табият таануу,
дене тарбия, туризм жана агрардык
технологиялар институтунун
экономикалык география, тармактык
экономика жана эл аралык туризм
кафедрасынын башчысы, г.и.к., доцент: К.Т. Самиев

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2024 ж. « 4 » 06
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.